# Highland Central Asia Fund II фонду

| | |
|---|---|
| **Өлкө:** | Регионалдык долбоор |
| **Долбоордун номери:** | 54796 |
| **Бизнестин сектору:** | Инвестициялык фонд |
| **Мамлекеттик/жеке сектор:** | ЖЕКЕ |
| **Экологиялык категориясы:** | FI |
| **Бекитүүнүн максаттуу датасы:** | 25-июнь 2025-ж. |
| **Статусу:** | Концепциясы каралган |
| **Долбоордун резюмесин жарыялоо датасы:** | 29-апрель 2025-ж. |

**Долбоордун сыпаттамасы**

Сунушталган операция 15 миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү акционердик капиталды Highland Central Asia Fund II (мындан ары — Фонд) фондунун пайдасына берүү боюнча милдеттенмелерди түшүндүрөт.

**Долбоордун максаттары**

Фонд Өзбекстандын жана Кыргыз Республикасынын чакан жана орто ишканаларынын (ЧОИ) капиталдарын узак мөөнөттүү көбөйтүү максатында акционердик капиталга жана коштоочу каржылык шаймандарга инвестицияларды тартууну ишке ашырууну пландаштырууда.

**Өткөөл процесске таасири**

Өткөөл процесске күтүлгөн таасиринин баллдык көрсөткүчү: 81 балл

Инвестициялык долбоордун алкагында Өзбекстан менен Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишканалар узак мөөнөттүү тобокелдик капитал алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Бул алардын атаандаштыгын жогорулатууга, каржылоонун альтернативдүү булактарын өнүктүрүүнүн эсебинен ички каржылык секторду бекемдөөгө жана активдердин классы катары жеке акционердик капиталдын сегментин кеңейтүүгө шарт түзөт.

**Кардар жөнүндө маалымат**

HIGHLAND CENTRAL ASIA FUND II LP

**ЕРӨБ каржылоосу**

15 000 000,00 АКШ доллары

**Долбоордун жалпы баасы**

50 000 000,00 АКШ доллары

**Социалдык-экологиялык талаптардын аткарылышы**

Экологиялык категориясы – FI (ESP 2024). Бул Фонддун ЕРӨБдүн 2-, 4- жана 9- социалдык-экологиялык талаптарын («**СЭТ**») аткарууга, ЕРӨБ тарабынан даярдалган социалдык-экологиялык пикирлер боюнча каржылоого туура келбеген ишмердиктин түрлөрүнүн тизмегине таянууга, ошондой эле инвестициялык портфелдин тобокелдигинин деңгээлине туура келген тобокелдиктерди башкаруу жол-жоболорун колдонууга милдеттүү экендигин билдирет. Фонддун бардык инвестициялары айлана-чөйрөнү коргоо, социалдык жоопкерчилик, саламаттыкты сактоо жана эмгек коопсуздугу тармагында колдонулуп жаткан мыйзамдарга туура келет. Фонд социалдык-экологиялык талаптарга жооп берген жана жыл ичинде пайда болуучу башка бардык социалдык-экологиялык маселелерди чагылдырган социалдык-экологиялык маселелер боюнча жылдык отчетторду ЕРӨБгө тапшырып турат.

**Техникалык кызматташуу**

**Кошумча маалымат**

ЕРӨБ Борбор Азияда иштеген жана капиталды тартуу боюнча мурункудай эле кыйындыктарга тушугуп жаткан башкаруучу фонддорду ырааттуу түрдө колдоп келет.

**Компаниянын байланыш маалыматтары**

Эльдан Усубакунов

eldan@highlandcapitalpartners.com

https://www.highlandcapitalpartners.com

**Долбоордун резюмесинин акыркы жаңыланышы**
2025-жылдын 29-апрели.

**Өткөөл процесс**

Долбоорлордун өткөөл процесске тийгизген таасирин баалап чыгууга карата ЕРӨБдүн мамилеси боюнча кошумча маалымат **бул жерде**.

**Кызматташуу үчүн мүмкүнчүлүктөр**

Долбоорго же сатып алууларга катышууга байланыштуу суроолор боюнча кардар компанияга кайрылууну өтүнөбүз.

ЕРӨБ менен кызматташуу маселелери (сатып алууларга байланышпаган) боюнча кайрылуу үчүн:
Телефон: +44 20 7338 7168 Электрондук почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор жөнүндө

маалыматтарды алуу үчүн EBRD Procurement караңыз
тел.: +44 20 7338 6794
эл. почта: procurement@ebrd.com

**Жалпы маселелер**

Маалыматтарды алуу үчүн сурамдарды тиешелүү ЕРӨБ формулярын колдонуу менен жиберсе болот.

**Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)**

ЭСС жана аны менен байланыштуу Долбоорлорду ишке ашырууга карата талаптарда (ДИТ) «экологиялык жоопкерчиликтүү жана туруктуу өнүгүүгө» байланыштуу ЕРӨБдүн өз милдеттерин ишке ашыруу механизмдери каралган. ЭСС менен ДИТте кардарларга карата коомчулукка маалымат берүү жана жана коомдук консультация жүргүзүү тармагында улуттук мыйзамдардын тийиштүү ченемдеринин аткарылышына байланыштуу конкреттүү талаптар камтылган. Мындан тышкары, алар кызыкдар тараптардын көйгөйлөр менен даттанууларын алуу жана чечүү боюнча кайрылууларды (айрыкча, кардар менен долбоор социалдык-экологиялык талаптарды канчалык деңгээлде натыйжалуу аткарып жаткандыгына байланыштуу) алуу механизмдерди киргизүүнү милдеттендирет

Зарыл болгон учурда ЕРӨБ экосоциалдык тобокелдиктердин жана долбоордун таасирлеринин мүнөзү менен масштабына жараша, өзүнүн кардарларынан долбоорлордун тобокелдиктери менен таасирлери жөнүндө маалыматты ачыктоону, ошондой эле пикирлерди алуу жана жооп иретинде чараларды көрүүлөрү үчүн кызыкдар тараптар менен толук кандуу консультацияларды өткөрүүнү кошумча талап кылат.

Бул багыттагы ЕРӨБдүн практикасы жөнүндө толук маалымат ЭСС да камтылган.

**Иштиктүү ак ниеттүүлүк жана белгиленген ченемдерди сактоо**

ЕРӨБ комплаенс-көзөмөл башкармалыгы (ККБ) жоопкерчиликтүү башкарууга жардам берет жана Банктын ишмердүүлүгүнүн бардык өңүттөрү иштиктүү ак ниеттүүлүктүн эң жогорку стандарттарына жооп берүүсүн жана эл аралык алдыңкы практикага шайкештигин көзөмөлдөйт. Ишмердүүлүктү ак ниетсиз жүргүзүүгө байланыштуу тобокелдиктерге, ошондой эле ЕРӨБдүн беделине шек келтирүү тобокелдиктерине жол бербөө максатында Банктын бардык кардарлары иштиктүү ак ниеттүүлүктү текшерүүдөн өтүшөт. Банк долбоорлорду болжолдуу баалап чыгуу жана жактыруу стадиясында көйгөйлүү өңүттөрдү аныктап чыгууну жана аларды жоюуну Банктын бүтүмдөрүнүн беделинин аруулугун камсыздоонун эң натыйжалуу каражаты деп эсептейт. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы (ККБ) аталган алдын алуу иш-

чараларында негизги ролду ойнойт, ошондой эле инвестициядан кийинки стадияда Банктын иштиктүү беделине шек келтире турган тобокелдиктердин мониторингин жүргүзүүгө жардам берет.

Мындан тышкары, ККБ алдамчылык, коррупция фактылары жана ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордо мыйзамга ылайык келбеген аракеттерге байланыштуу териштирүү жүргүзөт. (Банктын кызматкери болгон же болбогон) кимдир-бирөөдө Банктын ичинде же андан тышкары жерде алдамчылык же коррупциялык иш-аракеттер жөнүндө шектенүү пайда болсо, ал комплаенс-көзөмөл башкармалыгынын жетекчисине compliance@ebrd.com электрондук почта дарегине бул тууралуу жазуу жүзүндө маалымат берүүгө милдеттүү. Билдирилген фактылардын баары тийиштүү чараларды көрүү предметине карата ККБ тарабынан каралып чыгат. Жашыруун билдирүүлөр кошулуп, бардык билдирүүлөр текшерүүдөн өткөрүлөт. Билдирүүлөр Банктын же Банк операцияларды ишке ашырган өлкөнүн тилдеринин биринде даярдалышы мүмкүн. Мындай кабарлоолор жакшы ниетте гана аткарылышы керек.

**Маалыматка ээ болуу саясаты (МЭС)**

2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирген МЭС, ЕРӨБдө Банктын стратегияларын, саясатын жана операциялык ишмердүүлүгүн тереңирээк билүүгө жана аңдап-түшүнүүгө көмөктөшүү максатында маалыматты ачыктоо жана кызыкдар тараптар менен консультацияларды өткөрүү тартибин белгилейт. Учурда бар маалыматтар менен таанышып чыгуу үчүн ЕРӨБ веб-сайтындагы «Маалыматка ээ болуу саясаты» бөлүмүн окуп чыгыңыз.

Конкреттүү маалыматтык сурамдарды тиешелүү ЕРӨБ формулярын колдонуу менен жиберсе болот.

**Долбоорлор боюнча отчёт берүүнүн көз карандысыз органы (IPAM)**

Эгерде экосоциалдык чөйрөдө же маалыматты ачыктоо тармагында (мисалы, долбоордун деңгээлинде кардар тарабынан түзүлгөн даттанууларды берүү жана карап чыгуу механизми, же болбосо Банктын оперативдик жетекчилиги менен түз кызматташуу аркылуу) кардарга же Банкка байланыштуу келип чыккан тынчсыздануулардды канааттандыруу аракеттери эч кандай натыйжа бербесе, анда жеке жактар жана уюмдар мындай тынчсыздануулары ЕРӨБдүн Долбоорлор боюнча отчёт берүүнүн көз карандысыз органына (IPAM) кайрылуу аркылуу канааттандыра алышат. IPAM, долбоордогу зыян келтирген (же келечекте зыян келтириши мүмкүн болгон) көйгөйлөргө көз карандысыз баалоо жүргүзөт. Бул механизмдин максатына кийинкилер кирет: экосоциалдык чөйрөдөгү жана маалыматты ачыктоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн долбоордун кызыкдар тараптары менен диалогду колдоп туруу; Банктын өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатынын талаптарын жана Маалыматка ээ болуу саясатынын долбоорго тиешелүү жоболорун аткарып жатканын текшерүү; ошондой эле (зарылдык келип чыккан учурда), аталган ченемдик документтерди

сактабаган учурларды Банк тарабынан келечекте тийиштүү чаралардын көрүлүшү аркылуу жоюу.
IPAM жана анын мандаты менен кененирээк таанышып чыгуу, текшерүү жүргүзүүгө өтүнмө берүү жол-жобосун билүү үчүн Долбоорлор боюнча отчёт берүүнүн көз карандысыз органынын веб-баракчасына баш багыңыз, же болбосо (кошумча маалымат алуу же өтүнмө берүү боюнча нускама алуу үчүн) кызыктырган суроолор боюнча ipam@ebrd.com электрондук почта аркылуу кайрылыңыз